УДК: 370:947.1 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-244-252

**Муратов А.Ж.**
пед. илим. док., проф.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Зулуев Б.Б.**
пед. илим. док., доц.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
**Муратов А.Ж.**
док. пед. наук, проф.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Зулуев Б.Б.**
док. пед. наук, доц.
Ошский государственный педагогический университет
**Muratov A.Zh.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Zuluev B.B.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Osh State Pedagogical University

# ИШЕНААЛЫ АРАБАЕВ ТҮРКСТАНДА ЖАДИДЧИЛИКТИ ТАРАТУУДА ҮЛГҮЛҮҮ АГАРТУУЧУ КАТАРЫНДА

# ИШЕНААЛЫ АРАБАЕВ КАК ОБРАЗЕЦ РАСПРОСТРАНЕНИЯ ДЖАДИДСКОГО ДВИЖЕНИЯ В ТУРКЕСТАНЕ

# ISHENAALY ARABAYEV AS A SAMPLE OF DISTRIBUTION OF THE JADID MOVEMENT IN TURKESTAN

**Аннотация:** Бул макалада XIX кылымдын орто ченинен баштап азыркы Борбор Азиянын территориясына жаңы багыттагы билим берүү системасынын кириши, анын өзгөчөлүктөрү тууралуу тарыхый-педагогикалык аспектиден сөз болот. Биринчи кезекте «жадид кыймылы», «жадидчилик» деген түшүнүктөргө лингвистикалык-теориялык анализ берилет. Мында биринчи кезекте проблеманын тарыхый-методологиялык негиздери ачып берилип, жадид билим берүү системасынын зарылдыгына, алардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгүнө экскурс жасалып, жалпы обзор берилди. Жадидчилик кыймылынын контексттинде кыргыз алиппесин түзүүчү Ишенаалы Арабаевдин педагогикалык ишмердүүлүгү тууралуу баяндалат.

Авторлор пикирлерин аргументтештирүүдө өзбек, орус, татар агартуучуларынын тарыхын изилдеген эмгектерге таянат.

Макала улуттук педагогиканын тарыхына кызыгуучуларга арналат.

**Негизги сөздөр:** педагогиканын тарыхы, жадид, жаңы метод, мектеб, медресе, ислам, жаңы тартип окуусу.

**Аннотация.** В данной статье рассказывается о внедрении новой системы образования на территории современной Центральной Азии с середины XIX века и ее особенностях с

историко-педагогической стороны. Прежде всего, дается лингвистико-теоретический анализ понятий «джадидское движение» и «джадидизм». Здесь были раскрыты историко-методологические основания проблемы, обоснована необходимость системы образования джадидов, деятельность их видных представителей, дан общий обзор. Педагогическая деятельность создателя кыргызского алфавита Ишенаалы Арабаева описывается в контексте джадидского движения.

Аргументируя свое мнение, авторы опираются на работы, изучающие историю узбекской, русской и татарской интеллигенции.

Статья представляет интерес в первую очередь для тех, кто интересуется историей отечественной педагогики.

**Ключевые слова:** история педагогики, джадид, новый метод, школа, медресе, ислам, преподавание новой дисциплины.

**Annotation:** This article describes the introduction of a new education system in the territory of modern Central Asia since the middle of the XIX century and its features from the historical and pedagogical side. First of all, a linguistic and theoretical analysis of the concepts of «Jadid movement» and «Jadidism» is given. Here the historical and methodological foundations of the problem were revealed, the necessity of the Jadid education system, the activities of their prominent representatives were substantiated, and a general overview was given. The pedagogical activity of the creator of the Kyrgyz alphabet Ishenaaly Arabaev is described in the context of the Jadid movement.

Arguing their opinion, the authors rely on works studying the history of the Uzbek, Russian and Tatar intelligentsia.

The article is of interest primarily for those who are interested in the history of Russian pedagogy.

**Keywords:** history of pedagogy, Jadid, new method, school, madrasah, Islam, teaching of a new discipline.

**Киришүү.** Түркстандагы мусулман мектеб-медреселеринин жалпы дүйнөлүк прогрессстен бир топ артта калып жатканын түшүнгөн зыялылардын аракети менен ислам динин тутунган элдер жашаган аймактарда жадид кыймылы жана жадид окуу жайларынын пайда болушу үчүн өбөлгө-шарттар жаралат. Жадидчиликти таратууда үлгү болгон агартуучулар катары Мунаввар-кары Абдурашидханов, Махмудходжа Бехбуди, Абдурауф Фитрат, Ишеналы Арабаев менен толукталган.

**Изилдөөнүн максаты**: XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы агартуучулардын окуу китептерин, илимий-адабий чыгармачылыгын, педагогдук иш-аракеттерин жалпы билим берүү тармагынын контекстинде чагылдыруу. Ошол эле учурда жадид билим берүү уюмдарынын окуу куралдарын, окуу каражаттары жана басылмаларынын жадидчилик идеяларын таратуудагы мааниси.

**Изилдөөнүн милдети**: XIX кылымдын II жарымындагы XX кылымдын башындагы жадид мектептеринде окугандар мурдагы кадим мектеб-медреселерине караганда прогрессивдүү болгондугун, илимдин көп тармактары, искусство боюнча түшүнүктөргө ээ экендигин жана коомдук-саясый түзүлүштү өзгөртүү үчүн аракет кылышкандыгы тастыктоо.

**Жаңы усулдагы билим берүү мекемелеринде окугандар**. Ал окуу жайларынын бири «Галия» башка медреселерден окуу процессинин алда канча өркүндөтүлгөндүгү менен гана эмес, шакирттер арасында эркин ойдун, талаш-тартыштардын көп болуп, ар кандай талкуулар, адабий кечелер системалуу түрдө өткөрүлүп, кол жазма түрүндөгү журнал

чыгарылып тургандагы менен да айрымаланган. 1906–1916-жылдары 950 киши медреседен билим алып, алардын басымдуу көпчүлүгү мугалим, улут маданияты менен илимдин белгилүү өкүлдөрүнөн болушкан» дейт да [1], андан ары ошол жылдарды бул окуу жайында казактардан Б. Майлин, Ж. Тилепбергенов, Н. Манаев окуганын билдирет. Дагы бир инсан – кийин кыргыз фольклорун жыйноочу Каюм Мифтаков да 1911-жылы «Уфанын жогорку медресеси – «Галияга» кирет. Аны белгилүү башкыр акыны Ш.Бабич, Эл комиссарлар советинин төрагасы Х.Халиковдор менен бирге бүтөт» [2].

Ошол «Галияда» окуган кезде казак жаштары 1915-жылдан «Садак» деген ат менен кол жазма журналын чыгарат, анын редактору адегенде Б.Майлин, андан кийин Ж.Тлепбергенов болгон.

Уфа шаарындагы дагы бир окуу жайы «Усмания» («Гусмания») медресеси. 1887-жылы ачылган, 6 мударис иштеген. Башкыр, араб, орус тилдери окутулган, алардын бүтүрүүчүлөрүнүн бири Кашшаф Жданов башкыр алиппесин жазган.

Мына ошол окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү Түркстандын алыскы чөлкөмдөрүнө чейин келип иштеп кеткен. Казандан чыккан «Кояш» гезитине (1914-жыл, 23-август) жазуучу, мугалим С.Габделмановдун «Тянь-Шань тоосуна кыска бир саякат» деген макаласы басылат, анда автор Кочкордогу Канат ажынын Исках аттуу уулу Уфадагы «Медресе и Галияны» бүтүп келгенин, Канат ажы өз каражаты менен бир медресе салдырганын, анда «Галияны» бүткөн үч мугалим сабак берерин жазат» [3]. Ошол кезде Молдо Кылыч акындын чоң аталары Темир тукумунан анын Абыр деген уулунун баласы Нарынкул Уфадан медресе «Галияны» 1914-жылы 15-апрелде бүтүп келген, Ыбыке деген уулунан тарагандардан Канат дегени ажыга барган, атактуу киши эле, анын уулу Ыскак да 1914-жылы 21-апрелде медресе «Галияны» бүтүрүп келген [4, 36–37-б.]. Дал ошол Молдо Кылычтын «Кыссаи зилзала» аттуу китебин Уфада медреседе окуган И.Арабаев баш болгон шакирттери чыгарып берген.

Канат Ыбыке уулу болуш болуп жүрүп, 1904-жылы ажылык сапарга аттанып, ал жактан келип, Кочкор өрөөнүндөгү Талаа-Булак деген жерге медресе салдырып, илим-билимдүү мударистерди ар тараптан чакырып, балдарга мыкты тарбия, билим тартуулаган. Канат өз балдарына да мыкты тарбия берип, Ыскак деген уулу Уфадагы жогорку окуу жайы «Медресе-и Галияны» 1914-жылы 21-апрелде бүтүрүп келген.

Мына ушундай устаттардын келиши менен медреселердин окутуу мазмуна жана методдору жаңыланды. Бул тууралуу О.Сыдыков мындай пикирин айткан: «Наху» (синтаксис), «Сарф» (морфология) илимдери окутула баштады. Кыраат андан бетер артты. Кыргыз баласынан «Каарылар» (Куранды жатка айткандар) чыга баштады. Тарых, Жуграфия, Эсеп илими, «Усул жадид» ушул заттан башталды. Балдарыбызга азыраак жан кирди. Дамбылданын амир магруфу боюнча бул күндөрү балдарыбыз чоң шаарларга катышып, «Тарых» жаза тургандар чыкты. Уфа шаарына барып, «Медресе Алияны» бүтүрүп келүүчүлөр да чыкты. Жана да чоң шаарлардан возифа (айлык) төлөп, мугалимдер чакыра тургандар да чыкты» [4, 38-б.].

«Галия» медресесинин ээси Зия Камали болуп, ал европалык маданият менен тарбия алган киши эле, диний фанатизмге каршы турган, жаштар арасында демократияны колдогон, шакирттери ар кандай темада диспут, түрдүү ийримдерди уюштурган, интерноционализмге тарбиялоо күчтүү болгон. «Галиядан» кыргыз тарыхында орду бар И.Арабаев, Мамбеталы, Токтоналы Чынгышев, Исхак Канатов, Осмонаалы Сыдыков, К.Шабданов, Нарынкул Абиров ж.б. интеллегенттер окуган. Жазуучу Сайфи Кудаш аталган окуу жайын бүтүргөндөрдүн ичинен «өзүм жакшы билген жүз кишинин тизмесинде 20 киши профессионал жазуучу, 28 киши журналист, 8 киши илимий атагы бар окумуштуу, 8 киши маданий-агартуу, ички иштер, азык-түлүк жана жер-суу эл комиссариатында, алтоо агроном, зоотехник, төртөө дарыгер, төртөө дипломат, үчөө артист, үчөө юрист, үчөө инженер, бирөө композитор, калган-

дары мектептерде, атайын окуу жайларда окутуучу болуп иштешет», - деп жазыптыр [5, 18-б.].

Ошол эле С. Кудаш «Галия» медресесинде 1906–1916-жылда, он жыл ичинде Орто Азиядан 242 бала окуганын белгилесе [6, 103-б.], Г.Музипов татар уулу Г. Рафик менен кыргыз жигити Маматалиев (же Мамыталиев болушу мүмкүн экен) бирге окуганын эскерет [7].

Мунун өзү, албетте, жалпы эл үчүн, өзгөчө билим алууга кызыккан жаштар үчүн прогрессивдүү көрүнүш болгон.

XIX кылымдын II жарымында Түркстандагы жалпы абалды, коомдук-саясый, маданий, агартуучулук жагдайды көрүп туруп, ушул чөлкөмдүн алдыңкы интеллегенттери болгон Ахмад Дониш (1827–1897), Саттархан Абдулгафаров (1843–1902), Фуркат (1858–1909), Бердах (1827–1900) ж.б. прогрессивдүү инсандар бул жердеги элдер «өз казанында өздөрү эле быкшый» бербей, башка маданияттар, коомдук түзүлүштөр менен алака кылышы керек, алардын оң жактарын үйрөнүү зарыл, адам билим жана эмгек менен өзүн өзү өстүрүшү керек, аны үчүн караңгылыктын көшөгөсүн ачып таштоо кажет, башка мамлекеттер илим, техника, билим берүү жагынан алдыга кетип жатат, а биз баягы эле ордубузда турабыз деп айтып, жазып, коомдук пикирлерди түзүшкөн. Ошол ойлор окутууда «усул-и-джадид» («жаңы метод») формасын ойлоп табууга түрткү берди. Бул жадид кыймылы билим берүү тармагында эле болгон жок, адабият жана көркөм өнөр, тил жана укук, журналистика жана саясат ж.б. тармактар жаңы методиканы кабыл ала баштады. Алар, мисалы, мурдагы диний билим берүүчү мектеб-медресе системасын 1917-жылдан кийинки большевиктерчесинен түп тамырынан талкалап салган жок. Окутуунун жана тарбиялоонун методдорун, мазмундарын жана принциптерин гана прогрессивдештирди, тармакка кайра куруу жаратты. Коомду өзгөртүүнү билим берүүдөн баштоо керек деп эски социалдык жана саясый түзүмгө реформа сунушташты. Бул идеялар улуттук баалуулуктар менен жалпы адамзаттык гуманисттик идеялардын ширөөсүнөн чыкты: бул орунда диний философия, орто кылымдагы Борбор Азия ойчулдарынын илимдери, поэзиясы, элдик педагогика биринчи катарда турду. Ал агартуудан саясый чоң күчкө чейинки жолду басып өттү.

Натыйжа эмне болду?

- биринчи кезекте билим берүү тармагындагы ислам дининин таасири алсыздашып, исламдык тар билим берүүдөн жалпы илимдерден билим берүүгө өтүү процесси жүрдү;
- экинчиден, жалпы билим берүү мекемелерине бирдиктүү окуу пландары жана программалары киргизилип, ал мекемелерди текшерип туруу, методикалык жактан жардам берүү, окуу китептери менен камсыздоо иши бир кыйла жолго коюлду;
- үчүнчүдөн, табият таануу, арифметика, география, тарых сыяктуу сабактар окутулуп, окутуунун мазмуну турмушка жакындашты, бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүгү жогорулады;
- төртүнчүдөн, мугалимдерди жана билим берүү жетекчилерин адистик жактан тандоо өркүндөп, билим берүүнүн сапаты жогорулады.

Бирок муну менен эле Фергана өрөөнүндө сабаттуулук маселелери чечилген жок, ал жадид окуу жайлары да колунда жок кишилердин балдарынын баарын эле кабыл ала бербеди.

Түркстанда жаңы усулдагы жадид мектебдери 1886-жылы Наманган аймагында Исхакхан Ибрат, 1889-жылы Кокондо Салахиддин Мажидий, 1890-жылы Ташкенде Мунавваркары Абдурашидханов, 1899-жылы Анжиянда Шамсиддин дамбылда, 1900-жылы Бухарада Молдо Жираваб, 1901-жылы Ферганада Абдукодир Шакури тарабынан ачыла баштап, 1903-жылда жалпы Түркстан боюнча 102 башталгыч мектеб, 2 медресе жадидчилик методу менен иш алып бара баштаган.

1908-жылы Түркстан боюнча 30 жадид мектеби болуп, аларда 1300 бала окуса, 1911-жылы алардын саны 63гө жетип, 4106 бала окуган. Ушундай жадид билим берүү мекемеси Анжиянда биринчи жолу 1897-жылы Султан Муратбайдын пахта тазалоо заводунда иш баштаган, эки жылдан кийин мындай жаңы усул мектебин Шамсиддин деген дамбылда ачкан. Андай окуу жайларынын саны 1908-жылга келип Анжиян уездинде 8ге жетип, жалпы 365 бала билим алган. Жаңы усул мектеб-медреселерине каршы кыймылдар да жүргөн. Мисалы, 1910-жылы Анжияндагы З.Казыев мектебине эски усул менен иш жүргүзгөндөр келип, карталарын, окуу китептерин жана колдонмолорун жок кылып кеткен. Ошол эле кезде айрым бир адамдар, мисалы, анжияндык демокарт акын Закиржан Фуркат эски усулдагы да, жаңы усулдагы да, орус-тузем мектебинде да окуп чыккан. Мына ошолордон ал пайда гана көрүп, билимин ар тараптуу жогорулаткан.

**Түркстанда жадидчиликти таратууда үлгү болгон агартуучулар.** Мунаввар-кары Абдурашидханов (1878–1931) – Ташкентте жадид улуттук-агартуу кыймылын негиздеп, алардын «Түркстан Шура-и-Ислам» уюмун жетектеген. 1918-жылы большевиктер бийликке келгенде антисоветтик «Турк учоги» уюмун негиздейт. Түрк тилдеринен тышкары орус, араб, фарсий тилдерин жакшы билген. Мунаввар-кары тууралуу соңку эмгектерде [8] анын падышалык Орусиянын оторчул саясатын да, совет бийлигин да кабыл албаганы, ошон үчүн сталиндик репессиянын айынан 1931-жылы 23-майда Москва шаарында атууга өкүм кылынганы белгиленип келет.

XX кылымдын башталышында Фергана өрөөнүндөгү жадид билим берүү мекемелери анын жаңы методикалык табылгаларын колдонушкан. Ал киши жазган «Адиби аввал» (окуу үчүн алгачкы китеп), «Адиби соний» (Арифметика), «Ер юзи» (география) ж.б. окуу китептерин окушкан жана 1906-жылдан тартып анын «Хуршид» (Шоола) деген журналы таратылган. Ал жадид билим берүү мекемелеринде жалпы Түркстандагы ушундай окуу жайлары үчүн окуу китептери, методикалык колдонмолор даярдалган. Алар үч баскычтан турган: биринчи баскыч 4 жылдык башталгыч мектеб, экинчи баскыч 7 жылдык жадид медреселери, үчүнчү баскыч – ислам жадид университети.

Махмудходжа Бехбуди (1875–1919) – Самарканга жакын Бахшитепа деген кыштакта диний кызматкерлердин үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Бехбу кожо Салик кожо уулу түркстандык атактуу шейх, сопу акыны Кулкожо Акмат Йассавинин авладинен болгондугу айтылат. Ошол кездеги Самаркан, Бухара шаарындагы медреселерден абдан терең билим алган Махмуд кожо Самарканда имам-хатиб, казы, муфтий деген мартабалуу диний кызматтарды аркалаган. 1899–1900-жылдары ажы сапарына барып, Мекке-Мединеде жана жолдогу Мисир, Ыстамбул шаарларында бир нече убакыт жашап, ал жактан көп нерселерди үйрөнүп, көзү канып келет. Келип өз шаарында басмакана ачат. «Ойна» («Күзгү») деген газета чыгара баштайт, 1903–1904-жылдары Москва жана Петербург шаарларын, 1907-жылы Казанды, Уфаны, Нижный Новгородду кыдырат.

Ал абдан билимдүү жана чечен болгон, 1905-жылы жалпы орусиялык мусулмандардын («Иттифак») партиясынын жайынына катышса, 1907-жылы Нижный Новгороддо өткөн Орусия мусулмандарынын маданиятына арналган жыйынга түркстандык делегацияны жетектеп барып, мазмундуу сөз сүйлөгөн.

Орусиянын Мамлекеттик думасынын мусулмандар фракциясы менен кызматташып турган.

Анын эки жүздөн ашык эмгектери жазылган, тажик жана өзбек тилдерин бирдей билген, «Мунтахаби жугрофияи умумий» – «Кискача умумий жугрофия» («Кыскача жалпы география») (1903), «Китоб-ул-атфол» – «Болалар учун китоб» («Балдар үчүн китеп») (1904),

«Болалар мактублари» («Балдар каттары»), «Мухтасари тарихи ислом» («Кыскача ислам тарыхы») ж.б. китептери Фергана өрөөнүндөгү жадид медреселерине таралган.

1911-жылы «Падаркуш» («Атасын өлтүргөн») деген драмасы жазылып, ал чыгарма өзбек драматургиясынын башаты катары бааланып келет. Бул чыгарма ошол кезден тартып эле көптөгөн жерлерде сахналаштырылган жана элдин аң-сезимин көтөрүүгө таасир эткен.

1913-жылдан өзбек жана тажик тилдеринде «Самарканд» аттуу газета чыгара баштаган.

Бехбуди 1919-жылы Карши шаарында жүргөн кезде бухар эмирлигине баш ийген бир бек карматып, өлтүртүп коёт, анын себеби түшүнүксүз бойдон калган.

Абдурауф Фитрат (1885/1986–1938) – тарыхчы, котормочу, тилчи, жазуучу, профессор. Бухара шаарында туулган. Атасы Абдурахим жана апасы Мустафо-биби (Бибиджон) экөө тең билимдүү адамдар болгон. Адегенде мектебде, андан соң Бухарадагы айтылуу Мир Араб медресесинде билим алган. 1902-жылы ажы зыяратына кетип, Арабияга, Түркияга, Персияга, Ооганстанга, Индияга, Кавказга барып, эл-жер көрөт. Андан туулган шаарына кайра келип, 1906-жылдан эки жылдай Орусиянын Казань, Нижный Новгород, Ярославль, Москва, Петроград шаарларын кыдырат.

1909-1913-жылдарда Түркиянын Ыстамбул университетинде окуйт. Ошол учурда «Жаш түрктөр» уюму менен байланышат, жердеш студенттердин башын кошуп «Бухара билим коомун» («Бухоро таълими (умумий) маориф») уюштурат. Ал жылдарда фарсий тилинде жазылган «Мунозара» деген китеби Ташкенден орус (1911) жана өзбек (1913) тилдерине которулуп жарыяланат.

1913–1914-жылы Бухарада жадид кыймылына жетекчилик кылат.

1912-жылы Ыстамбулда «Сайяхи хинди» («Баянати сайяхи хинди» – «Индия сапарынын баяндары») аттуу романы жарыяланат, 1915-жылы Петроградда «Рахбар-и-Наджот» («Боштондуктун жол көрсөткүчү») аттуу философиялык эмгеги басылган. Ушул китептеринде жадидчилик идеялары көтөрүлөт.

1917–1918-жылдарда Самарканда «Хуррият» газетасына редактор, андан соң Ташкентте Ооганстан эмирлигинин өкүлчүлүгүндө котормочу болуп иштейт. Коомдук-адабий «Чигатой гурунги» коомун уюштурат жана жетектейт, жадидчилердин урааны болгон «Баш мээде эч бир өзгөрүү болбосо, анда башка өзгөрүүлөрдү күтүү мүмкүн эмес» деген чакырык менен «Тонг» («Таң») журналын чыгарат.

Совет бийлигинин жылдарында коммунисттик партиянын катарына кирип, ар кандай чоң, анын ичинде министрлик кызматтарды аркалайт, бирок «кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланган» деген жарлык менен иштен алынат. Андан соң Москвада Чыгыш тилдер институтунда профессор катары окутуучулук жана илимий иштер менен алектенет.

Фитраттын «Темирдин мүрзөсү», «Огузхан» деген драмалары, «Тилимиз», «Узбек тили сарф китоби», «Узбек тили нахв китоби», «Шеър ва шоирлик», «Адабиёт коидалари» «Аруз хакида» деген теориялык-агартуучулук эмгектери өз кезегинин эң эле пайдалуу иштерин аткарган. 1924-жылы Өзбекстанда биринчи болуп, профессор наамын алган. Пантүрк идеяларын жайылтуучу улутчул деп 1937-жылы камакка алынып, 1938-жылы 28-мартта «сталиндик кара тизмеге» киргизилип, СССРдин Жогорку сотунун Аскер коллегиясы 1938-жылы 5-октябрда атууга өкүм чыгарып, ошол эле күнү Ташкентте өкүм аткарылган.

**Ишеналы (Эшеналы) Арабаев (1882–1933)** – Пишпек уездинин Курман-Кожо болуштугунун Сүлүк деген жеринде туулган (Кочкордун Күн-Батыш айылы). Атасы бир жашында каза болуп, үч кыз, эки уул жетим калып, ар жерде малай болуп жүрүп, 12 жашка келгенде бир кыргыз молдонун кызматын да кылып, диний илимин да үйрөнө баштайт, анан беш жарым ай Каракол шаарында молдодо окуп жүрүп, ошол жерден Таир Заиров деген кишинин сунушу менен Оренбургга барат. Оренбургда жолу болбой Түркияга кетет.

Константинополдогу (Ыстамбул) диний мектебге 3-класска кабыл алынат. Анан ажылыкка кетет. 1909-жылы Оренбургга кайра келип «Хусания» медресесине кирет. Ал тууралуу 1912-жылы «Айкап» журналына «Оренбургдан Ташкентке чейин» деген макала жазган [9]. Оренбургда «Хусания» медресесинде бир жыл билим алып, Уфадагы «Галия» медресесине барып үч жылдай (1910-1912) окуп, 27 жашында жерине кайтат. Төрт жыл мугалимчилик кылып жүргөндө Үркүн чыгып, эл менен Кытай жерине качып барат. 1917-жылы кайра келип, Качкындарга жер берүү комиссиясында бир жылдай иштеп, кайра мугалимдик жумушун улантат. 1920-жылы Ташкентке келип, 1921-жылы Ташкенттен Жети-Сууга жиберилген экспедицияга мүчө болуп, андан соң саясый, мамлекеттик кызматтарга тартылат. 1921-жылы 6-февралда Алма-Ата шаарында партияга кабыл алынат [10].

1924-жылы Эл агартуу комиссарлыгынын коллегиясынын мүчөсү катары жазган жеке баракчасында (личный листок) 1907-жылы 9 ай Ыстамбулда (Константинополдо) окуганын, Бейрутта, Измирде болгонун, чет өлкөлөрдөн Медине, Мекке шаарларына, Үркүндө Кашкарга, Ак-Суугa барганын билдирген [10].

Ал 1911-жылы бирге окуган досу Хафиз Сарсекеев менен «Алипфе йаки – төтө окуу» («Алиппе, же тез окууга үйрөтүү») деген китеп жазып чыгарышат [11]. Анда араб графикасы менен кыргыз-казак тилиндеги жазуу, окуу иштерин үйрөнүүчүлөргө жардам болгон. Бул эң алгачкы китеп талабалар тарабынан жазылып, аны жазган авторлордун бири И.Арабаев жыйындарда мударистер менен бирге отуруп, аларга жакын болуп жүрчү экен. Ошол кадырбарк менен 1911-жылы Казань шаарынан Молдо Кылычтын «Кысса – и – Зилзала» деген китебин [12] чыгарат.

1912-жылы И.Арабаев элдин сабатын көтөрүү идеясын улай «Жазуу өрнөктөрү» китебин тартуулайт [13]. Бул 35 беттен турган китептин алгачкы 18 бетинде тамгалардын жазылышы көрсөтүлсө, калган беттеринде тамгалардын каллиграфиялык үлгүлөрү берилет. Казактар үчүн жазылып жаткан бул «өрнөктөргө» казак тилиндеги эмес, кыргыз тилиндеги алышып, ашырып, камыш калем, акча, бакча, кайыш, аш, жемиш, «баш бергенге аш бер», мал, баш, казан астырма, чай бал менен тати, кыйгач, алгач, «ийилген башын кылыч кесмес» ж.б. сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын кирип кеткенинен улам ал кыргыздарга да ылайыкталган деп айтууга болот. XX кылымдын онунчу жылдарындагы казак, кыргыз жаңы тартип окуулары анын «Алипфе йаки – төтө окуу» жана «Жазуу өрнөктөрү» деген эмгектерин окуу китеби катары пайдаланган.

И.Арабаев «Галия» медресесинин толук курсун бүтпөй калгандыгы айтылат, 1913-жылы Ысык-Көлдүн тескейиндеги Тоңго барып мектеб ачат. Тогуз-Булак деген жердеги эки тегирменди жандай 20 боз үй тигип, окууну баштайт. Ал жерде бир жыл иштеген соң Сагалы манаптын чакыруусу менен Төрт-Күл деген жерге келип бала окутууга киришет.

Ал 1924-жылы «Кыргыз алиппесин» чыгарат [14], бул эң алгачкы кыргыз тилиндеги окуу китеби болгон. Бул китеп тууралуу педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Осмонкуловдун «Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутуунун тарыхы», «Кыргыз тилинин окумуштуу-методисттери жана тажрыйбалуу мугалимдери» деген эмгектеринде жана докторлук диссертациясында, К.Сартбаевдин «Ишенаалы Арабаевдин «Алиппесине» 90 жыл», «Ишенаалы Арабаев – кыргыз элинин туңгуч агартуучу-окумуштуусу», К. Сартбаев менен А. Мураталиеванын «Ишенаалы Арабаевдин агартуу майданындагы асыл мурастары жана анын ишин уланткан шакирттери» деген китептеринде, Н. Ишекеевдин кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы боюнча «Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы», «Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары», «Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги» деген монографияларында жана докторлук диссертациясында, М.М. Эсенгулов-

анын кандидаттык диссертациясында, С.Байгазиевдин эмгектеринде тарыхый-педагогикалык аспектиден талдоого алынып, баасы берилген.

Аталган «Кыргыз алиппеси» 2007-жылы кириллица ариби менен алгачкы жолу басып чыгарылды, ал басылышка С.Рысбаев «Алгачкы» деген ат ыйык» деген баш сөз жазган. Ошол баш сөздө мындай пикирлер айтылат: «...өзүнүн ички маани-мазмуну боюнча алганда да кыргыз баласына өзүнүн эл-жерин, анын мүнөзүн, жашоо-турмушун, тил байлыгын, бүткүл руханий-материалдык дүйнөсүн чагылдырып турганы менен, ал аркылуу кыргыз баласын куралдандыруу максатын көздөгөнү менен баалуу. Ушундай мазмуну менен ал – өзүнөн кийинки бүткүл кыргыз китептеринин улуттук кайталангыс үлгүсү бойдон калды жана да кала бермекчи» [15, 33-б.]. Кыргыз баласынын тарыхындагы биринчи колго алган китепте «Калб (калп) ырлар», «Чын ырлар», «Табышмактар», «Санат ырлар», «Сокур кыз менен жетим кыздын табышмагы», «Тору тай» деген чыгармалар киргизилген. Алсак, «Тору тай» деген ыр мындай берилет:

Желедеги тору тай
Желдей күлүк ат болсоң.
Мен уяда турумтай
Мезгил жетиб чоңойсом.
Көкүлүңдү кумардаб
Күмүш жүгөн катбасам.
Жаркыраган сыр сырдаб
Жарак-жабдык асынсам!

Шамал менен жарышыб
Баш байгени ала алсак.
Сан кол менен сайшыб
Эл эмгегин бага алсак.
Аткара алсак биз жакшы
Эл карызын унутбай.
Келечекке биз башчы
Эсиңде болсун тору тай [16, 32–33-б.].

Ушундай фольклордук чыгармалар же фольклорго жакын чыгармалар ошол кездеги кыргыз балдары үчүн өтө зарыл болгон, муну И.Арабай уулу туура түшүнгөн.

Ошол китеп азыркыча айтканда 1-класска келип кирген 6-7 жашар балага гана арналган эмес, сабатын жойсок деген бардык курактагыларга жарактуу болгон. Китепте «Эмгекчил эл кем болбос», «Эринчээк эр оңбос», «Эрегишкен журт болбос», «Тегин ачканды теңтуштары сүйбөс», «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет», «Учу бирге жазылат», «Түбү бирге кошулат», «Эксең эгин, ичээрсиң тегин», «Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш», «Бүлүнгөн элден бүлдүргү алба», «Төшөгүңө карап, аягыңды соз» деген элдик макал-ылакаптар берилет, эки табышмак, төрт куплет санат ыры да сунушталган. Автор балдардын сабатын ачуу максатын гана көздөбөстөн алардын акылдуу, ыймандуу өсүүсүнө да насаат айткан.

Андан кийин алиппеси 1925-жылы 2-жолу кайра басылат, ушул эле жылы «Жазуу жолунда саамалык» деген китеби Москвадан чыгып келет. Фольклордук тексттерди да жыйноого катышып, Тыныбек жомокчунун айтуусунда «Семетей» жомогунун бир бөлүмүн 1925-жылы чакан китепче кылып чыгарат.

Э. Арабай уулу 1928-жылы К. Карасай уулу менен бирге чоңдорго ылайыктап «Жаңылык» аттуу алиппе чыгарат, ага «Керме-Тоо», «Санат ырлар», «Терме-санат ырлары» деген элдик чыгармаларды, 1916-жылдагы Үркүн тууралуу Ы.Шайбек уулунун «Кайран эл» деген чыгармасын, Ч.Жамгырчы уулунун «Кайгылуу күн (21-нчи жаныбар)», жаңы заман жөнүндө А. Токомбайдын «Өктөбүрдүн келген кези», Салы уулунун «Жаштарга», жыл мезгилдери тууралуу Касымдын «Жаз», «Кыш» деген ырлары киргизилген. Ал 1930-жылы Султан Сатыбалды уулу менен бирге 70 беттен турган «Биздин мектеп» деген окуу китебин чыгарат.

Э. Арабаев XX кылымдын 20-30-жылдары – кыргыздар билим алууну алгач колго алып жаткан кезде окуу китептерин жазып, агартуу тармактарында мугалимдиктен тарта Түркстан АССРинин Илимий комиссиясынын төрагасына, Эл агартуу комиссарлыгынын коллегиясынын мүчөсүнө чейинки жетекчилик кызматтарда иштейт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Осмонкулов А. Башаты тунуктун багы мөмөлүү, же Эшенаалы Арабаевдин өмүрүнүн, ишмердүүлүгүнүн айрым жактары жагдайында // Zaman Кыргызстан. – 1997. – 14-фев.
2. Ирисов П. Улуунун жөнөкөйлүгү жана жөнөкөйдүн улуулугу // Zaman Кыргызстан. – 2000. – 9-июнь.
3. Габделманов С. Тянь-Шань тоосуна кыска бир саякат // Zaman Кыргызстан. – 1997. – 27-июль.
4. Сыдыков О. Тарых кыргыз Шадмания. – Ф.: «Кыргызстан», 1990. – 36–37-б.
5. Осмонкулов А. И. Арабаев – көрүнүктүү агартуучу. – Б.: – 18 б.
6. Кудаш С. По следам юности. – М.: Сов. писатель, 1969. – С.103
7. Музипов Г. Мой учитель // Мугалимдер газетасы, 1980. – 25-июль
8. Амад С. Мунаввар кори // Шарк юлдузи. – Тошкент, 1992. – № 5. – Б. 105–119; Амад С. Мунаввар кори Абдурашидхоновнинг миллий истивол аракатидаги ўрни ва роли // O‘zbekiston tarixi. – Тошкент, 2000. – № 4. – Б. 13–18; Холбоев С. Мунаввар кори // Мулоот. – Тошкент, 1997. – № 1. – Б. 24–25; Холбоев С. Миллатимизнинг маънавий отаси // Абдурашидхонов М. Хотираларимдан (жадидчилик тарихидан лавхалар). – Тошкент: Шарк, 2001. – Б. 5–20.
9. Арабай уулу Э. Оренбургдан Ташкентке чейин. Жол очерки // Айкап. – 1912. – №1.
10. Центральный государственный архив Республики Узбекистан. Ф.86, оп. 1, д.145, Л.Л. 1–4.
11. Арабай уулу Э., Сарсекеев Х. Алип-бээ Жаки төтө окуу. – Уфа: «Шарк». – 1911. – 52 б.
12. Молдо Кылыч Туракелдин. Кысса-и-зилзала. – Казань: Типо-лит. Т-го Д-ма «В.Еремеев и А.Шашабрин», бывш. Ключникова, 1911. – 17 б.
13. Арабай уулу Э. Жазуу өрнөктөрү. – Оренбург: Вакыт. – 1912. – 36 б.
14. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. – Ташкент: Средне-Азиатское государственное издательстсво. – 1924. – 58 б.
15. Рысбаев С. «Алгачкы» деген ат ыйык китепте: Арабай уулу И. Кыргыз алиппеси. Кириллица ариби менен 1-басылышы. – Б.: 2007. – 33 б.
16. Арабай уулу И. Кыргыз алиппеси. Кириллица ариби менен 1-басылышы. – Б.: 2007. – 32–33-бб.


**Рецензент: педагог. илим. док., проф. Байгазиев С.О.**